Гыламидин Абдрахманов

# Эшанзадалар, кожолор баяны




«Саң-Сарай» тарыхый
этнографиялык музей коругу
Баткен. 20010

Баткен-Исфара чөлкөмдөрүндө күн кечирип келе жатышкан, Мухаммад с.о.в.с. пайгамбарыбыздын кыз балдарынан таркаган урпактар **«саиддер»** деп айтылат, бул кыска санжыра мына ошолор тууралу болмокчу.

Санжыра «ошондой болгон экен» деп эле айтыла берсе, албетте ал, супсак же шектүү болуп калат. Ал эми санжыранын ишенимдүү болушу, анын даректүү тарыхый окуялар менен айтылышына жараша болот. Ошон үчүн, саиддер баш болгон алгачкы арабдардын Фергана (Перикана) өрөөнүнө келиши, жергиликтүү кыргыздар менен мамиледен улам «кожолор», «соглиана», «она ватан», «тога» сөздөрүнүн пайда болушу тууралу тарыхый баян кошо болмокчу.

Биз сөз кыла турган учкай санжыранын өзөгү, раматылык апам Батманын айткандары боюнча түзүлүп, Саид Ахмадхан (Овлуя Пирим) уулу Тагайхан Максым жана Саид Султанхан (Кары Төрөм) уулу Камалхан акабиз тарабынан такталып, Саид Мухаммадхан (Мамадхан төрөм) уулу Услидинхан топтогон маалыматтар менен толукталды.

Раматылык апам Бибифатима (Батма) кожолорго небере болуп кетет, апасы (биздин таэнебиз) Роббия Исфаралык эшанзаада кожолордон. Кожолордун теги арабтар экендиги да ушул кыска баяндама айтылат.

Биздин аймакта Ислам дининин түптөлүшүнө жана элибиздин ыйман жолунда Алланы таанышына саиддердин ролу өтө чоң. Булардын урпактарына бабаларыбыз урмат кылып келишсе, бабалардын жөрөлгөлөрүн жерге таштабай буларга жылуу мамиледе болгонубуз дурус болор.

Бул кишилердин өкүлдөрү кайсы айылда туруп калса, ал айылга Алланын нуру таамп турганы, бирөө жарым кор пенделик кылып алардын көңүлүн оорутуп койсо, андайлар бүткүл айылга залал кылганы ар кимге маалим болуп келе жатат. Анткени, бул кишилер эртели кеч элдин амандыгы үчүн Алладан суранып турушат.

Биз да, ар кимибиз Алладан, элибизге тынчтык, токчулук, саламатчылык, оомат, ынтымак, ыйман берсин деп эртели кеч куран окуп дуба кыла жүрөлү!!!

## I. Мавеpенахрга арабдардын алгачкы кадамы.

Бисмиллаху рахмони рахи-иим!!!

Алланын жолунда тазалык үчүн деп баштайын.

Кожолор жана эшандар тууралу азын оолак кабарды «Тажиктер баяны» аттуу илимий даректүү макала даярдап, ошол макаламда айткан болчумун. Ал даректүү илимий макалада, кожолор – булар арабдар экендиги жана алардын алгачкы келүүсүндөгү бул тараптагы борбору ушул Баткен экендиги берилет. Эшандар, «саиддерден» чыккан аалымдар болсо, ал эми «саиддер» аталгандар Мухаммад с.о.в.с. пайгамбарыбыздын кызынан таркаган урпактары. Алар Маверенахрга (Орто Азия аймагы) элди исламга дават кылуучулардын башында келишет. Артка кайрылып көрөлү.

Арабстанда 640- жылдары ислам халифаты орногондон баштап эле анын аймагын кеңейтүү иштери кызуу жүрө баштайт. Орто Азия аймагын арабдар «Мавеpанахр» («дарыянын аркы жагы» деген маанide, Аму дарыясынын…) деп, бул аймакты исламдаштыруу максатында, ага кол салуу үчүн 654-жылдан даярдык көрүлө баштайт. Халифаттан 50 миң араб үй-бүлөлөрү азыркы Ирандын Куф, Басра жерлерине жана Хорасан аймагына көчүрүлүп келинип, алар 5 горнизонго бөлүштүрүлүп жайгаштырылат.

Араб аскерлери Маверанахрга алгач 673-74, 676, 680-83, 704-жылдары кол салып киришет. Бул мезгилдерде араб халифатында бийлик тез-тез алмашылып тургандыктан жана кол салуулар ыйык динди жайылтууга эмес, а талап-тоноолорго көбүрөөк мүнөздүү болгондугунан, бул тараптагы жеңүүлөр туруктуу боло албай турду.

Халифат башчылыгына Абд-ал-Малике Марване (685-705ж.ж.) келгенде, мамлекет бир топ туруктуу болуп, анын саясий деңгээли көтөрүлө баштайт. Марване халифаттын Хорасандагы бийлик өкүлдүгүнө арабдардын «бахили» уруусунан болгон Кутейба-ибн-Муслиманы дайындайт. Кутейба араб аскерлерин баштап 705-жылы Маверанахрга басып кирет. Арабдардын негизги аскерий күчү Даван (азыркы Фергана өрөөнү) чөлкөмүндө турат.

Кутейбанын ордосу ушул чөлкөмдүн азыркы Баткен аймагында болуп, ал аймакты арабдар «Исама-бен-Абдаллах-аль-Бахили ороону» деп аташат. Даван, Чаш аймактарында, мезгилинде Зулкайнардын (Александр Македонскийдин) да мизин кайтарган, теңир динин тутунушкан каарман согд эли жашап турушкан. Алар үчүн бөтөн болгон ислам динине кирүүгө катуу каршылык көрсөтүшөт. Бирок күч жагынан үстөмдүк кылган Кутейба жеңишке жетишип, анын исламдашты-

руу аракеттери бир топ ийгиликтүү жүргүзүлө баштайт. Анкени ал, ислам динине киргендерди налогдордон бошотуп, ал эми динди үгүттөөчүлөргө жер-суу бөлүп берип, казынадан кошумча акы төлөп турат.

Мына ошол Кутейбанын тушунда «кожо» (хоожи, хожа, ажы) түшүнүктөрү пайда болот. Ислам динин түптөө мезгилинде бул түшүнүк диний идеологияда бир топ башкача түшүндүрүлө баштаганы менен, чынында анын түпкүлүгү бир эле маанини берет, «араб» деген.

725-жылы Кутейба сырдуу өлүмгө дуушар болот, анткени Халифатта саясий абал кайрадан өзгөрө баштаган эле. Фергана, Чашта согддар кайрадан өз бийликтерин орнотушат. Бирок алардын 10 жылдык боштондугу узакка созулбай, кайгылуу окуялар менен түбөлүк өзгөрүүгө дуушар болот.

Шаман атрибуттарын колдонгон, Теңир динине ишенген, «согд» аталган жергиликтүү кыргыздардын байыркы бабалары, мына ошондо байыркы диндерин жоготуп, Ислам динин кабыл алышат. Натыйжада ички ишеним менен кошо салты, үрп-адаттары, традициялары да өзгөрө баштайт.

Араб халифатынын башчылыгына Хишаме келгенде, ал халифаттын Хорасан бөлүгүнө Наср-аль-Сейярды дайындайт. Аль-Сейяр 735-жылы Маверанахрга күчтүү кол менен басып кирет. Согддардын ата-мекени үчүн, теңир дини үчүн кармашуусу кызыл кыргын менен аяктайт. Натыйжада, Согд (жергиликтүү кыргыздар) элинин эркин жашоосу, алардын теңир дини жана акыркы он жылдык боштондугу да артка кайткыс болуп биротоло токтотулат.

Аль-Сейяр согд элин ислам динине киргизүүнүн туруксуздугун байкап, башкача, мыкаачы жолун ойлоп табат. Ал мезгилде Хорасандагы фарсы эли исламдашып калган эле. Аль-Сейяр Хорасандан 20 миң жоо аскер алып келет. Жоо аскер топторунун баштарында үй-бүлөлүү араб дин кызматкерлери турушкан. Бул араб миссионерлери кийинчерээк Фергана өрөөнүндө «кожолор» аталып, алар азыркы күнгө чейин өз үрп-адаттарын сактап келишет. Хорасан жоо аскерлери менен согуша турган согд аскери жок калган болучу. Ал жоо аскер согушуу үчүн эмес, а согд элин жаңы динге киргизүү миссиясы менен алынып келинген эле. Ар бир хорасандык жоо аскерине аярдык менен 2-3тон согд аялдары алынып берилет. Натыйжада хорасандык фарсылар менен жергиликтүү согд аялдарынын ортосунан жаңы «тажик» деген этнос пайда болот. (Караңыз: Л.Солдатэс. ИБН-СИНА Авиценна. Ташкент. 1981. 98—бет)

Ал эми ошол этностун «тажик» аталып калышын, 1946-жылдан Тажик ССРинин I катчысы (башчысы), СССР жана Тажик ССР ИАнын чыныгы мүчөсү, академик Бобожон Гафуров өзүнүн тажиктер тууралу «Тожикон» аттуу эки томдугунда жергиликтүү «таз» уруусунан деп көрсөтөт. (Караныз: Б.Г.Гафуров. Таджики. Душанбе. 1989. II т. 92-бет). «Таз» уруусу жергиликтүү ичкилик кыпчактарынын улуу бир канаты экендиги баарына белгилүү.

Бул тарыхый деректер, тажиктердин аталары хорасандык парсылар, ал эми энелери жергиликтүү байыркы кыргыздардын бабалары согдлар экендигин, кыргыздар менен тажиктер кандаш тага-жээн экендигин көрсөтүп турат. Мына ушундай тарыхый кубулуштан улам, тажиктер кыргыздарды «тога» дешет, өздөрүн Согд энелердин урпактары дешип, андан «Согдиана» (Согд-она) сөзү келип чыгат. Ошондон улам мекендерин «Она-Ватан» деп аташат.

Демек, тарыхый деректер көрсөтүп тургандай, ошол мезгилде арабдар «Исама-бень-Абдаллах-аль-Бахили» деп атаган ордонун (азыркы Баткен чөлкөмү) айланасына горнизон катары жайгаштырылган хорасандан алынып келинген парсы жоо аскери менен жергиликтүү Согд элинин ортосунан пайда болгон этнос эл - тажиктер экен.

Ал горнизондор азыркы учурда Баткендин айланасында пайда болгон Тажикстандын Варух, Чоркух, Сурх, Өзбекстандын Сох аттуу калкы жыш жайгашкан элдүү пункттары болуп калды.

Арабдардын «Исама бень Абдаллах аль-Бахили» өрөөнү тууралу ЮНЕСКОго кайрылуусу да бекеринен эмес. Алар бул жерди корктондурүп, турист катары келишип, бабаларынын арбактарына куран окуп турууга болгон ынтызарлыгы өтө жогору. Бул багытта бир топ долбоорлор даярдалып, бирок Кыргызстандагы саясий туруксуздук бул долбоорлун зарылчылыгын тумандатып келе жатат.

Бүгүнкү күндө, «Исама-бень-Абдаллах-аль-Бахили» өрөөнү жана ал өрөөндөгү ордого байланыштуу деректүү маалыматтар Иордания королевствосунун китепканасында сакталып турса, бул ордонун, андагы сепилдин жана арабдардын көрүстөнүнүн калдыктары азыркы Баткен районунда сакталып турат.




## II. Эшанзадалар, саиддер тууралу.

Биз сөз кылчу «саиддер», мына ошол «кожолордун» ичинде, алардын ак сөөктөр болүгү. Ал эми эшанзадалар «саиддер» ичинде, өзгөчө илимдүү бөлүгү. «Кожолордун» негизинен тажиктер арасында болуп калышы, тарыхый улуу маалыматтардын бир өңүрү болуп турган тажиктердин пайда болуу таржымалынан даана байкалып турат.

«Эшан» - жергиликтүү элдин түшүнүгүндө «ыйык», «азиз» деген мааниде берилсе, тажик диалектисинде «жегич», «ичкич» деген маанини туюндурат. Баткен элин ислам динине киргизүүдө эшандардын ролу өтө чоң, ошолорго тийиштүү десе да болот, ошон үчүн «пирибиз» деп, аларга таазим кылып келишет. Ал эми эшанзадалардын Баткен аймагында отурукташып калышы, алардын алгачкы ордосу ушул жер болгондугунда болсо, биз сөз кыла турган пиримдердин отурукташып калышы айрым даректерде мындайча айтылат.

Биз урматтап келген «пирлерибиздин» санжырасы Шайхи Абибулло Рахматуллои Алла (-йа) Ярдан башталат. Эшанзадалардын бүгүнкү урпактары, оз бабалары Шайхи Абибуллону азыркы Чоркухта жашап турган деп айтылат. Бул Чоркухтагы азиз жерлер, тарыхый окуялар менен үндөшүп турат. Булар өздөрүнүн санжырасында, ошол «саиддердин» бир бутагы Ошто-гу «Сулайман-Тоо» атанган Шайхи Сулайманды аташып, жылына ал жерге барып сыйынып турушат. Бул окуялар биз жогортто сөз кылган тарыхый окуялар менен үндөшүп турат.

Шайхи Абибулло алгачкы келген «саиддердин» бири ушул киши (балким небере, чебересидир) болуп саналат. Шайхи Абибуллонун уулу Шайхи Забуриддин, Шайхи Забуриддиндин уулу Шайхи Оддил. Бул киши Бухараи-шариф шаар баш мечитте имам болуп турат.

Шайхи Оддил «исламдын окутуучусу» аталып, сөөгү Бухарада коюлат. Анын уулу Шайхи Обиддин.

Шайхи Обиддин Амир-Тимур бийлиги тушунда исламды таркатуучу күчтүү инсан катары, Самарканд мечитинде имам болуп турат. Амир Темир көрөгөн айрым катаалдык жасап койгонбу, Шайхи Обиддин мечиттеги 3-4 кишинин ортосунда сөз кыла койот. Анын сөзү Амир Темирге жетет, «Пирибиз мамлекет ишине аралашпай эле койбойбу» деген сөз айтылат. Анын сөзү кайрадан бул кишиге жетет. Ошондо баш имам Амир Темирден, «мен күн чыгыш тараптагы элге барып, дават иштерин жүргүзүп келейин» деп уруксат алып, азыркы Исфара (ал жерде мурда кыргыздар жашашып турушкан), Самаркандек жерлерин кыдыра дават иштерин жүргүзөт.


Азыркы Самаркандек айылын «бул кичик Самарканд» (Самаркан-дак) деген маанилде атап, анын аталышы ошондон калат. Ал эми азыркы Баткен чөлкөмүнүн аталышы да ошол мезгилдерге туура келет. «Баткен» аталышты айрымдар кайсы бир чөптүн аталышына алпарышып, бирок ал кайсы чөп экендигин али эч ким көрсөткөн жок. «Боткон» - тажикче аталышы, аны айрымдар шамалдын кени деп орой которуп жүрүшөт. «Боткон» - «мээлүн керимсел желдин кени» деген маанини берет. Баткен жери, анын жан эргиткен салкын абасы, Самарканд тараптан келген коноктор үчүн чындап бейиштин торүндой сезилген.

Шайхи Обиддин катуу оорун, Самаркандек менен Исфара ортосунда, Кара-Бак айылынын маңдайында, бийик дөбөнүн үстүнө салынган шабада үйгө алпарууну суранат. «Менин ичер суум бүтүп бара жатата, сөөгүмдү ушул жерге эле койгула» деп васият кылат. Ал киши ошол жерде көзү өтүп, эл анын васиятын эл «бизди убара болбосун деп ошентип айтты да» дешип, сөөктү ар кимиси өз жерине алып кетүүгө аракет кылышат. Анын сөөгү Самаркандекдиктер, Кызыл-Жолчулар, Ыспаралыктар, Сурхдуктар ортосунда талашта калат. Эртеси макулдашып, кайсы жерге алпарып койууну чечишмекчи болушуп, бир эшик эки терезенин алдына бирден кароол коюшуп тарашат.

Түнү сөөктү Сурхдуктар үйдүн арт жагын тешип алып кетишип, таң алды менен жаназасын окушуп, Сурхда көөмп коюшат.

Ошентип, баякы дөңдөгү үйдө төрт эшик пайда болуп, ал үй «Чор дара» (төрт эшик) аталып калат.

Эшандарга болгон ызат урмат бул аймакта ушундай окуялары менен баалуу болуп, ушул кезге чейин өз жылуулугун жоготпой келе жатат.




Шайхи Обиддинден эки бутак чыгып, мына ушул эки бир туугандар урпактары туурасында сөз козголмокчу.

## III. Шайхи Хабибуллохон урпактары.

Саид Хабибуллохон Исфарада өмүр сүрүп, Исфарада мечит курдуртуп, анда имам болуп турат. Ал мечит «Эшони Хабибуллохон мечити» аталып кетет. Исфара шаарынын бул кичи аймагы «Бойон махалласи» аталып, Шайхи Хабибуллонун сөөгү ушул жердеги кабрстанга коюлат.

Шайхи Хабибуллохондун 1-аялынан Саид Оффохон, 2-аялынан 2 кыз, Хосиятхон пошо, Мохзодахон пошо.

Саид Хабибуллохон биринчи аялынан уулу Оффохонго, экинчи аялынан кызы Хосиятхонду күйөөгө берет.




Булардын бардыгы Исфарада жашашып, ааламдан өткөндөрү Бойон махалласиндеги кабрстанга коюлуп, урпактары негизинен Саид Охондон (Пулатхондон) Саид Солеххан (Хожахон), Мукадасхон пошо, Шарафотхон пошо. Солеххандын 1-аялы Тура (Төрө) айымдан: Саид Абдуллохон, Саодотхон пошо, Тавхидахон пошо. Экинчи аялы Сайфуллаев Хайрулланын кызы Мавжудахондон: Махфиратхон (Оядхон) пошо, Саид Ильясхон, Йакутхон пошо, Саид Осимхон.

## IV. Шайхи Сабдуллохон урпактары

Шайхи Обиддиндин уулу Шайхи Сабдулло Сурхда туруп калып, ал 3 аялынан 5 уулдуу, 1 кыздуу болот.




Шайхи Сабдуллохон өткөндө, анын сөөгү да атасы Шайхи Обиддиндин жанына, Сурхка коюлат.

Шайхи Аблойор эшани-пирибиз тууралу бир топ кененирээк сөз болмокчу. Ошон үчүн, алгач Саид Сабдуллохондун экинчи жана үчүнчү аялдарынан урпактарын атап кетүү ыңгайлуу болгону турат.

***Саид Сабдуллохондун Экинчи аялынан:***
Саид Имом, Саид Абдуллохон, Саид Орибхон дедик.

- **Саид Имомдон** 2 уул, Саид Авлияхан, Саид Махмудхон, анан 2 кыз, Бузурукхон пошо, Саидохон-Анжирхон пошо. Алардын балдары:
  1). Саид Авлияхон, аялы Аблойор эшандын кызы Саохон пошо, балдары 5: Саид Валихан, Ранияхан (Ояхон) пошо, Рахбархон пошо, Саид Алихон, Масрурхон пошо. Жашаган жерлери Сурх.
  2). Саид Махмудхон, аялы Саид Абдуллохондун кызы Шахнозахон пошо, балдары 3, 1 уул, 2 кыз: Саид Масудхон, Ижобатхон пошо, Ханифахон пошо. Жашаган жерлери Исфаранын Бойон махалласинде, кабрлары Гумбөзү кабрстанына коюлуп келе жатат.

3). Бузурукхон пошо

4). Саидохон-Анжирхон пошо, Орибхондун уулу саид Мансурхонго түшөт.

- **Саид Абдуллохон** аталаш бир тууганы Соидохон пошшого үйлөнүп, андан 2 кыз:
  1) Шахзодахон пошо (Бүлбүл пошо)
  2) Шахвозахон пошо, Маматхан-төрөмө чыгатн

  Кийинки аялынан 1 кыз, 2 уул:
  3) Аммахон пошо (Мушарафхон пошо)
  4) Саид Мухиддин (Мухаммадхан). Мухаммадхан Базар-Башыда туруп, ушул жерде элди тазалыкка баштап турат. Анын уул-кыздары ушул жерде окушат. Кызы Мубаракхон (1947) Зикирияханга чыгып, андан 2 уул, 1 кыз: Сабырхан (1969), Салыхан (1975), Такминахон. Бужумдагы Жорохан максымдын атасы Саид Абдуллохандын колунда окуп, Абдуллохан ага өзүнүн кызы Изотхонду берет. Саид Мухамад менен бир тууган Мушарафхон пошонун уулу Мукадасхан, анын кызы Кибирахан Мамарасулхан акабизга чыгат.
  5) Саид Боховодин, андан 4 кыз, 2 уул: Хозирохон пошо, Восилохон пошо, Саид Турахан, Санабархон пошо, Фирдавсхон пошо, Саид Собирхон. Саид Турахандан Абдуллохон (Мадинахандын күйөөсү).

- **Саид Орибхон** 2 аял алат.

  Орифхондун 1-аялынан 2 уул, 1 кыз: Саид Мансурхан, Саид Маруфхан, Мунавархан пошо.

  1). Саид Мансурхон, аялы Саид Имомдун кызы Анжирхон пошо, балдары 3 уул, 1 кыз: Саид Абубакрхон (1928-89), Мутабархон пошо (1931-43), Саид Муртазохон (1934-2005), Саид Исмонжон (1937-1991). Жашаган жерлери, Исфаранын Хожи махалласинде.

  2). Саид Маруфхон, 1-аялы Мукимохон пошодон 3 уул: Саид Файзуллохон, Саид Зохидхон, Саид Исохон, экинчи аялынан 1 кыз, Фарахотхон.

  Саид Маруфхондун кабры Жалалабаддын Сүтүкон айылында.

  Орифхондун 2-аялынан 4 кыз, 1 уул: Хонпошшохон, Турасоиб, Жорохан-пошо, Мутахархон-пошо, Эшани Мусахан-максым.

1). Тура-соиб Эшанча-Максымга чыгып, андан 3 уул:
   а).Эшани Файзулло (Сурхда), б).Эшани Заидхан (Паскы-Арыкта), в). Эшани Исахан (Сурхда).
2). Мусахан-максым, Исфарада станцияда.
3). Пошохон Жунусхан-максымга чыгат.
4). Жорохон-пошшо станцияда, Бойхонго чыгат.
5). Мутахархон Камалхан-максымга чыгат

***Саид Сабдуллохондун /үчүнчү аялынан:***

Казыхан максум менен Саидохон пошшо.

Казыхан максымдан Саид Маликхон, Малихондон 3 уул, 1 кыз, Саид Баширхан, Саид Шижохон, Саид Билолхон, Маликохон пошо.

Соидохон пошо, өзүнүн аталаш агасы, Сабдуллонун экинчи аялынан уулу Абдуллоханго чыгып, андан Бүлбүлпашша менен Шахвозохон 2 кыздуу болушат.

***Саид Сабдуллохондун Биринчи аялынан:***
***биз сөз кыла турган шайхи саид Аблойор дедик.***


Биздин Кожомшкүр урпактары, айрыкча «Калдар» аталышкан Каабалы урпактары мына ушул Аблойор урпактары менен тыгыз байланышып кетишетн

Анда, Аблойор урпактары тууралу сөз козгойлу.

## V. Шайхи Аблойорхан урпактары.

Шайхи Сабдуллонун уулу Шайхи Аблойор (Облояр, айрым жерде Ярмат) Ляккандa Эшани Парсахандан билим алып, ал эшандикке жарыя дуба кылат. Шайхи Аблойор өзү Сурхка келип, өзүнүн үчүнчү уулу Маматханды Парсахандан билим алсын деп, Кара-Бакта (эски аты Раут-Каут) калтырат. Аблойор дин кызматкерлеринин башында болуп, аны жаами журт урмат кылып «Асти Эшан пирибиз» деп атап калышат.

Шайхи Аблойор эки аял алып, биринчи аялынан 4 уулдуу, 4 кыздуу, экинчи аялынан 2 уулдуу, 2 кыздуу болот.



***Биринчи аялынан:***

Уулдары:

1). Саид Ахмадхан (Овлуя пирим), сөөгү Кишсмиштс.

2). Султанхан каары (аяш атабыз, сөөгү Сурхда),

3). Маматхан тором (соогү Кара-Бакта, Раут-Каутта),

4). Эшани Зайнихан.


Кыздары:

1). Сахкан (Саохон) Пошо жаш өтөт.

2). Хафизахан, сөөгү Исфарада, станцияда Гүмбөзүдө.

3) Шафхазхан Новгилсмде

2). Муазамхан Пошо (уулу Полотов Кожохан хирург), соогү Исфарада.




***Шайхи Аблойордун экинчи аялы***. Мурзабайдын экинчи аялынан экинчи кызы, андан 4 уул, 2 кыз: Жунусхан, Жусупхан, Ойшохон, Шамшихон.

**Мурзабай тууралу эки ооз сөз кылалы.**

Баткендин «Паран» аймагында эки бир туугандар жашап турушкан, Марзабай, Мырзабай деген. Алар кийин Көлкант, Новгилемге көчүп кетишет. Ошол Мырзабайдын биринчи аялынан жалгыз Нарзихан деген кыз болот. Аны Саид Ахмадхан (Овлия-Пирим) алат. Мурзабайдын экинчи аялынан 7 кыз болуп, анын улуусу Олимхон Султанхан-Максымга тийип, андан Камалхандар. Олимхондон кийинки кыз Шайхи Аблойорго тийип, андан 2 уул 2 кыз. Жунусхан, Жусупхан, булар Сурхда, кыздары Ойшохон Көлкантта, Шамшияхан Навгилемде, уулу Рахмат кары атамын досу.

Атасы, анан эки уул өз ара бажалар да болуп калышат.

Ошентип, ата-бала бажа болгондуктан, Жусупхан менен Жунусхан Камалхандардын атасы менен аталаш бир тууган болушуп, ошол эле учурда Камалхандар менен бир тууган бөлөлөр да болуп кетишет. Шайхи Аблойор өмүрүнүн акырын Жалал-Абаддын Жийде айылында өткөрүп, сөөгү ошол жерде коюлат. Эл аны урмат кылып күмбөзүн көтөрүп койгон. Күмбөздүн айланасына ошол жерлик анын айрым муриддеринин сөөгү коюлган. Шайхи Аблойор кыргыз журтчулугунун арасында бир топ калпаларды (муриддерди) даярдайт, Молло Ашим, Молло Сулайман, Молло Маграим, Молло Абдрахман (менин атам). Мурилдеринин ичинде атам Абдрахманга өзгөчө кушу түшүп, өзүнүн улуу уулу Султанхан-Кары менен дос кылып, алар өлөр өлгөнчө кыйышпас дос болуп жүрүштү. «Дос акыреттик» демекчи, ал жакта да кучакташып жүргөндүр, аларды Алла өзү колдоп жүрсүн деп дуба кылам.

**Шайхи Аблойор Жалал-Абаддын Жийдесине кандайча барып калган эле? Ошондон сөз кылайын.**

Кеңеш Өкмөтү чиркөөнү мектептен, динди мамлекеттен ажыратып, диний лидерлерди кулак катары куугунтукка алат. Бул саясатты «төртүнчүлөр» эшанзадалардан баштап, Эшани Аблойорду туткундоого келишет. Аны биле калган үй-бүлө качуута далбас урунат. Морудан Асти-Эшан Аблойор Пирибизди, анын артынан чоң уулу Саид Ахмадхан (Овлуя) Пирибизди, анын артынан Султанхан-Максым Пирибизди кичине иинилери Эшани-Зайнихан качырып, өзү «төртүнчүлөрдүн» колуна түшүп калат.

Эшани-Зайнихан айыпсыз камалып, ошол бойдон белгисиз жок болуп кетет.

Овлуя-Пирибиз Саид Ахмадхан аваттын токмокторунун арасында Кишемиште баш калкалап туруп калып, сөөгү ошол Кишемиш жайлоосуна коюлат. Мен туулганда мени атам ал кишинин этегине Шайхи Аблойор терезеси көрүнүп турган үйдө жашынып турат. Кийин атам Абдрахман ал үйгө улап айван кылып, кошумча үй салып Курбанбек инисин киргизет.

салып, кайра ал кишиден сурап алган экен. Овлуя-Пирибиз мени «биздин кичине токмок» дечү.

Асти-Эшан Аблойор Пирибиз атам Абдрахмандын алдына түн жамына качып келет. Атам аны өзү кайнагасынан сатып алган «орустун үйүнө» жашырып, бир ай багат. Сыртынан чоң кара кулпуну салып, эч ким жоктой кылып көрсөтсө, апабыз Батма ага караңгы киргенден кийин тамак жеткирип, үйүн тазалап берип турат.



Бир топ каржы топтоп, Шайхи Аблойор экөө эки ат менен түн жамына Козу-Баглан тоосу аркылуу Жаманжарга барышып, ал жерде эки атты пулдап, андан Кокондо барышып, поезд менен Анжиянга барышат. Ал жерден жөө, түнү жол жүрүшүп, Сүрөтү аркылуу Жийдеге келишип, атабыз ал кичини туугандарынын (Калдардан Молло Ашир дамланын) колуна тапшырат. Артынан экинчи уулу Султанхан-Максым Пирибизди алып барып кошот.

Ата-бала бул жерде өтө чоң абройго ээ болушуп, Аблойор Пирибизди «Асти-Эшан-Пирибиз», Султанхан-Максымды «Каары-хан төрөбүз» деп аташып калышат. Бул кишилердин элди сактап калуудагы караматтарин азыркы күнгө чейин оздон-оозго түшүрүшпөй айтып келишет.

Шайхи Аблойор Асти-Эшан-Пиримдин Жийдеги күмбөзү.
Жанында мен. 2008-жыл

Шайхи Аблойор Пирибиз «Каары төрөм» өтүп, сөөгү Жийдеге коюлат. Анын жанында ага жакын муриддеринин сөөкторүн коюшуптур. Мезгил өтө, ага күмбөз курулуп, Бекмамат Осмонов да зор көмөк корсотот. Султанхан-Максым балдары менен ошол жерде туруп калат.

Бул жерди Багыш авабыз ават кылып, дува кылып келет

## VI. Саид Ахмадхан (Овлия Пирим) урпактары.

***Саид Акматхан Шайхи Аблойордун баш баласы.***

Саид Ахматхан чындап овлуя киши болгон, боло турган жакшы-жамандын алдын ала айтып турган.

**Саид Ахмадхан (Овлия-Пирим)** 1 кыз, 4 уулдуу болот:

1) Кызы Самарахан күйөөсү менен Мачаида жашап, сөөгү ошол жерге берилет.
2) Атахан-Максым, ал да Мачанде (Хожо Ало)
3) Бурханхан-Максым Паскы-Арыкта
4) Тагайхан-Максым Кара-Булакта
5) Жалалхан да Паскы-Арыкта.

- Саид Атахан-Максым, аялы Хафизахон пошонун кызы Нафисахан пошо, 5 уулдуу болот: Төрөхан, Эшандолохон, Низамхон, Абулхасанхон, Мусрхон.
- Саид Бурханхон-Максым, 1-аялы Хафизахан пошонун кызы Масумахон пошо, 2-аялы Кожонун кызы Мохирохон пошо. Уул-кыздары 14: Пошохон пошо, Каримахон пошо, Мухабатхан пошо, Инабатхон пошо, Мафузхон пошо, Саид Хасанхан, Зурахан пошо, Муяссархан пошо, Саид Ибрахимхан, Саид Исмаилхан, Насибахан пошо, Саид Анвархан, Мусинахан пошо, Ухтамхан пошо.
- Саид Тагайхан-Максым, аялы Маматхан-төрөмдүн кызы Кибархон пошо. Ортодо 6 уул, 4 кыздуу болушат: Саид Төрөхан, Иродатхан пошо, Ойимчахон пошо, Саид Оюбхан ажы, Саид Илясхан, Саид Обидхон, Саид Рашидхан, Саид Шавкатхан, Тазилахан пошо, Тасаннахан пошо.
- Саид Жалахан. Анын алы Эшани Зайнидинхандын (аялы Очахан пошо) кызы Обидахон пошо. Уулдары: Саид Яхияхан, Саид Билалхан, Саид Жанобхан, Саид Асанхан, Саид Абаскан, Зурахан пошо.

БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН 009



Тагайхан-максым менен, 2008-жыл.
Туруп тургандар: Уулум Акылбек, Кибархан, Аюбхан, Экинчи уулум Алтынбек, келинчегим Гүлсара.

Тагайхан-Максым менен Кибархон Кара-Булакта чогуу түтүн булатышып, 6 уулдуу , 4 кыздуу болушат:

1 Саид Төрохан, Торохан Баткен автоучкомбинатын башчысы.
2 Иродатхан пошо,
3 Ойимчахон пошо,
4) Саид Аюбхан ажы врач-дарыгер, «Овлуя-Пирим» кан дарылоо борборунун башчысы.
5) Саид Илясхан - терапевт врач.
6) Саид Абыдхан - врач-стамотолог
7) Саид Равшанхан,
8) Саид Шавкатхан, менин улуу уулум Аскарбектин досу.
9) Тазилахан пошо
10) Тасаннахан пошо



Атам жайын оңдоп, атам-апама арнап аш бергенде Тагайхан максым балдары Төрөхан, Ильясхан, Равшанхан менен келген элс.

Тагайхан-максым атасы Овлия-пиримге окшоп овлуялык касиеттери бар киши. Бул кишиге оорусу онокотко айланып айыкпай, же жолу ачылбагандар келишет. Эч ырым-жырым кылбастан, ыйык аяттардан айтып дем салат. Көп адамдар бул кишиден даба таап, жолдору ачылып турат.

Бул кишиде дагын бир нерсени байкоого болот. Курани-каримдин аяттары уккулуктуу 4 түрдүү кыраат менен айтылат. Алардын ичинде адамды магдыратып салчу кыраат, бул - индия кыраатЫ.

Ал эми Тагайхан-максымда, Курани-каримдеги аяттардын эч бир кыраатЫ жок эле, арабдардагы байыркы таза айтылышы сакталып калган.

## VII. Саид Султанхан (Кары-төрөм) урпактары

***Султанхан Максым Шайхы Аблойордун экинчи уулу.***

Султанхан-Максымдын биринчи аялы Шайхи Сабдуллонун баш баласы Саид Имомдун кызы болуп, андан 3 уул, 2 кыз. Нажимидинхан (Паскы-Арыкта), Сайпидинхан (Сурхда), Нуридинхан (Исфарада) туруп калат.

Султанхан-Максым экинчи аялы (Мурзабайдын Олимхан кызы) менен Жийдеде жашап калып, бул аялынан балдары Катычахан пошо, Шахобидинхон, Камалхон, Мамарасулхон, Хабибуллохон, Шүкүрхон, Муктархан, Мадинахон пошо, Набихан. Булар Жийдеде кыргыз мектептерин аякташып, жогорку кыргыз окуу жайларынан билим алышат. Эң чоңу кыз, Катычахан, Исфарага турмушка чыгат. Улуу баласы Шахобидин Ош мамлекеттик пединститунун математика факультетин аяктап, математика мугалими болуп иштеп жүрүп пенсияга чыгат. Камалхан акабиз Душанбе медицина институтун аяктап, илимий жагынан да, элдик жагынан да, диний жагынан да дарыгерлик кылат. Мамарасулхан акабиз болсо, бардыгына данакер. Хабибулла акебиз, ал биздин үйдо жүрүп, сабакты өбөктоп жатып жүрүп окуп, ал да Ош пединститунун математика факультетин аяктап, мугалим болуп иштеп жүрүп пенсияга чыкты. Муктархан да Душанбе мединститутун аяктап, азыр Баткен облбольницада реанимация бөлүмүндө дарыгер. Шукурхан Оштогу курулуш техникумун аяктап, Исфарада иштеп жүрүп пенсияга чыкты. Набихан каарылыкты бүтүрүп, ажыга барып келип, азыр Исфара борбордук мечитинде имамдык кылат. Булардын арасында дагын бир кыз Мадинахан, ал Саид Орибхондун урпагы Саид Абдуллохонго чыгат, ажы болуп келишти.

Султанхан-максымдын улуу балдары (Шахобидин, Камалхон) бул тарапка келишип, Таджикстанда (Исфара, Сурхда) иштеп калышат. Сурхдагы үй-жайларын өкмөт пилла өстүрө турган кылып салган эле. Камалхан Исфарада врач болуп иштеп, эл арасында өтө чоң кадыр-бакка жетет.

Камалхан бийликтен чоң аталарынын жайын сурап алып, Жийдеден Султанхан-максым атасын Сурхка көчүрүп

келет. Султанхан-Максым 1965-жылы көзү өтүп, сөөгү чоң аталарынын алдына Сурхка коюлат.



Санжыра иликтөөдө: Камалхан, Мен, Мамарасулхан

Шайхи Аблойор

↓

Султанхан-Максым

| 1-аялы, … Саид Имомдун кызы | 2-аялы Олимхон, Мырзабайдын кызы |
|---|---|
| Нажимидинхон<br>Сайпидинхон<br>Нуридинхон<br>Нусратхон пошо<br>Икрамхон пошо | Катычахан пошо Шахобидинхон Камалхон Мамарасулхон Хабибуллохон Шүкүрхон Муктархан Мадинахон пошо Набихан |

**Биринчи аялдан:** Нажимидинхон, Сайпидинхон, Нурдинхон, Нусратхон пошо, Икрамхон пошо дедик.

- Саид Нажимидинхон. 1-аялы Саид Умархондун кыхы Катта-пошодон: Шарафидин, Кутфихан, Гиясиддин, Толибкан, Умияхон пошо. 2-аялы Аламхон-максымдын кызы Жорохондон: Магрубхон пошо, Сирожиддин. Соогү Паскы-Арык кабрыстанына коюлган.
- Саид Сайпидинхан. Аялы Едгорхон пошо, балдары Муфарохон пошо, Мархабохон пошо, Пошохон (Бузурутхон). Соогү Сургда.
- Саид Нуридинхон. Аялы Чилгезиден Аммахон пошонун кызы Мутаборхон пошо. Балдары Максудахан пошо, Саид Тагахан (Султанхан), Саид Бахруллохан.

**Экинчи аялдан:** Катычахан пошо, Шахобидинхон, Камалхон, Мамарасулхон, Хабибуллохон, Шүкүрхон, Муктархан, Мадинахон пошо, Набихан.

- Саид Шахобидинхан. Аялы Саид Валихандын кызы Махфурхан пошо.
- Саид Камалидинхан. Аялы Саид Орифхондун кызы Мутахархон пошо. Кыздары 5: Одинахон, Бибихон, Мубаширхон, Сожилахон, Мехрихон. Уулдары 2: Жамалхан, Жалалхан.
- Саид Мамарасулхан. Аялы Кибрахон. Уулдары 4: Аюбхан, Аминхан, Тагайхан, Бобохан. Кыздары 3: Вахидахон, Мунаварxон, Надирахон.
- Саид Хабибуллохан. Аялы Шамсияхон пошонун кызы Мудасирхон. Аблойор Эшандын небереси Сатархан. Балдадры 5:
- Саид Шукурхан. Аялы Саид Абдуллохондун неберсси, Баховидинхандын кызы Хожирахон. Балдары:
- Саид Муктархан. Аялы Ойшахон пошонун кызы Сидикохон. Балдары:
- Саид Набихан. Аялы Саид Абулкасымдын кызы Мафубахон. Ортодо 1уул, 2 кыздары бар: Салахидин, Зулайхо, Тайибахон.
- Катычахан пошо эжебиз Исфарада, Саттархон менен бала-чакалуу болушкан.
- Мадинахан пошо Саид Абдуллохандын урпагы Абдуллохандын келинчеги, бала-чакалуу, Сурхда.



Абдыманнаптын үйүндө.
Отургандар: Муктархан, Шүкүрхан,
Тургандар: Айдоочу, Хабибуллахан, Камалхан, Мамарасулхан, Абдыманнап, Набихан.

Султанхан-Максымдын балдары 2008-жылдын жайында Жийдеге барып, чоң аталарына багыштап куран окуп келели деп, чяек ара азалтарынан улам мага кайрылышты эле, мен да кошулуп чогуу барып келдик. Ал жерде Абдыманнап инибиз тосуп алып, Жалал-Абадда өз үйүндө коноктоп, сый урматын көрсөттү.

## VII. Саид Мухамадхан (Маматхан-төрөм) урпактары.

***Маматкан-Төрөм. Шайхи-Аблойордун үчүнчү уулу.***



Маматкан-төрөм Кара-Бактагы (эски аты Раут-Каут) атасынын Парсахандан билим алган убактагы үйүн ээлеп отуруп калат. Маматхан-төрөм Шахвозохонго үйлөнөт.

Шайхи Сабдулло экинчи аялынан уулу Абдуллоханго үчүнчү аялынан Саидохонду алып берип, андан Бүлбүлпашша менен Шахвозохон 2 кыздуу болушкан болот.

Маматхан-төрөм ошол Шахвозохонго үйлөнүп, андан 2 кыздуу болот: Мубаракхон, Кибархон.

Кибархан Тагайхан-максымга турмушка чыгат. Тагайхан-максымдын урпактарын жогоруда айтып өттүк.

Маматхан-төрөм уулдуу болуу үчүн биринин артынан кийинкисин алып, бардыгы 8 аял алыптыр. Экинчи аялы, Кара-Булакта торайгыр Мусурманкулдун уулу Молло Айдар кызы Анифаханга (Анипа) үйлөнүп, андан да бир кыздуу болот, Азизахан деген. Ал кыз Бужумда Молло Махмадалиге түшөт. Калган 3-7-аялдарынан урпак жок болгондон, аларды атабай эле койдум.



Маматхан-төрөм 8-чи кылып, Жайпандан өзбек Молло Ашир-бай кызы Васлиханды аялдыкка алып, Аллага арманы жетип, андан 3 уулдуу болот:

Услидинхан, Жорохан,
Шамсихан.

Маматхан-төрөм боло турган окуяны алдын ала айтып бере алган олуялыгы да болот.



Услидинхан көп жылдар бою саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин профсоюзунун Баткен облусттук комитетин башчысы, Баткен облусттук борбордук ооруканасынын башкы дарыгери жана облустун башкы координатору болуп иштеп турду.

Услидинхан саиддер урпактары тууралу чогултуп жүргөн экен, ушул санжырага көп көмөгү тийди.

## VII. Саид эшани Зайнихан урпактары.

Шайхи Аблойордун төртүнчү уулу Эшани Зайнихан «төртүнчүлөр» тарабынан камалып, дайынсыз жок болду дедик. Андан эмчектеги Обидахон аттуу жаш кызы Очахан аялынын колунда калып, Чоркуда жашап калышат.

Обидахон Овлия-Пиримдин (Саид Ахмадхандын) Пасқы-Арыктагы кичик баласы Жалалхан-Максымга чыгып, 6 уулдуу болушат:

- Саид Яхияхан (башкы бухгалтер болуп иштеп келди),
- Саид Билалхан,
- Саид Жанобхан,
- Саид Асанхан (коопсуздук кызматында),
- Саид Абаскан,
- Зурахан пошо.

Саиддер урпактарынын ичинен, Шайхи Обиддинден эки бутак болуп, оң бутагындагы Шайхи Сабдулло урпактары кыргыз журтчулугу менен кол алышып тургандыктан, негизинен ушул канат тууралу сөз болду. Ал эми сол канаты Шайхи Хабибулохан урпактары Тажикстандын Исфара аймагында калып, алар тууралу анча сөз болгон жок.

Мына ушулар авалы «кожолор», андан да тагыраагы, Мухаммад с.о.в.с Пайгамбарыбыздын кыз тарабынан таркаган урпактары «саиддер» аталып, кыскасы биз баш койгон, кол берген биздин пирлерибиз, эшанзаадалар.

Алла булардын өткөндөрүн өз паанасында асырап, алар менен кошо элибизге тынчылык, ынтымак, барака-пайиз берсин деп тилеп жүрөлү!!!

## МАЗМУНУ:

1. Мавереннахрга арабдардын алгачкы келиши .........2
2. Эшанзадалар, саиддер тууралу ..................... 5
3. Шайхи Хабибуллохон урпактары ..................... 8
4. Шайхи Сабдуллохон уорактары .................... 9
5. Шайхи Аблойорхан урпактары .................... 12
6. Саид Ахмадхан (Овлия-пирим) урпактары ....... 17
7. Саид Султанхан (Кары-төрөм) урпактары ........ 20
8. Саид Мухамадхан (Маматкан-төрөм) урп-ры .... 24
9. Саид эшани Зайнихан урпактары .................. 27